**УДК: 894**

***Жумамамбет уулу Т., Аман кызы Б.***
*Жумамамбет уулу Талант – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Аман кызы Бакытгүл – п.и.к., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖАНА ТОГОЛОК МОЛДО

# КЫРГЫЗСКОЕ УСТНОЕ ТВОРЧЕСТВО И ТОГОЛОК МОЛДО

# KYRGYZ ORAL CREATIVITY AND TOGOLOK MOLDO

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы жана акындардын төкмө өнөрүндөгү артыкчылыктары тууралуу сөз болот*

***Аннотация****: В статье рассказывается о кыргызском народном устном творчестве и достоинствах поэтов искусстве литья*

***Summary:*** *The article tells abaut the Kyrgyz folklore and the virtues of poetsm, the of casting*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ырчылар поэзиясы, төкмөлүк, нускоочу акын, жазгыч акын, көркөмдүк каражаттары, жекелик жана жалпылык.*

***Ключевые слова:*** *акынская поэзия, импровизация, акын-назидатель,акынписьменник, средства изображения, общность и индивидуализм*

***Key words:*** *akyn poetry, improvisation, akyn edifier, akyn writer, image means, aytysh, community and individualism, mentor – student.*

Тоголок Молдону (Байымбет Абдрахманов) өз заманынын таланттуу акыны десек жаңылышпайбыз. Ал кыргыз элинин демократ акыны жана көп кырдуу таланттын ээси болгон. Анын устаттык менен жазган көркөм чыгармалары кыргыз адабиятынын оозеки чыгармачылыгынын тарыхында олуттуу жана өзгөчө орунду ээлейт. Анын чыгармачылык багыты поэтикалык гана эмес, чечендик өнөрдүн да баштоочусу катары кароого да болот. Акын жазма поэзиядагы импровизациялык өнөрүн, аңгеме жана тамсил жанрларынын ар кыл тематикаларында өнүгүшүнө салым кошкон.

Алардын ичинен бир убакта дин темасына багытталган чыгармаларын кездештирүүгө болот. Тоголок Молдо оз доорунун алдыңкы адамы болуу менен анын ырлары менен коомдо болуп жаткан окуяларды көз жаздымда калтырган эмес. Ал өз доорунун алдыңкы адамы болгондуктан, ырлары менен өзүнүн оюн ачып, коомдо болуп жаткан окуяларга көз карашын көрсөтө алган.

Жазгыч акындар жашоо жаңылыгын, өз мезгилиндеги жазма адабий үлгүлөрдү окуй алган, жараткан ырларын жана элдик чыгармаларды кагазга түшүрө билген билимдүү адамдар. “... жазгыч акындардын чыгармачылыгы төкмөлүк импровизаторлук менен жазмалык сапаттардын айкалышуусунан жаралган өзгөчө кубулуш”[7.4] - деп белгилейт адабиятчы, окумуштуу Л.Үкүбаева.

Бирок, ал мезгилде кыргыз кол жазма адабияты эволюциялык өнүгүү жолун басып өтүүгө үлгүрө элек мезил болчу. Ислам дини ал кезде жаңыдан эле жайыла баштагандыктан көпчүлүк учурда ага кайдыгер мамиле кылуу да болгон. Ислам динине чейин кыргыздарда башка диндер боюнча илимий аныктамалар болгон эмес.Кээ бир оозеки чыгармаларда анимизм, тотемизм, жана шаманизм сыяктуу маалыматтар камтылып турган. Көчмөн кыргыздарга ислам дининин таралышы Кокон бийлигинин доорунан башталган. Карапайым элди эзүү үчүн жана бийликти бекемдөө үчүн алар Ислам динин курал катары колдонушкан. Ошондуктан, молдолор (мусулман дин кызматкерлери) айыл-кыштактарды кыдырып, ислам динине үгүт иштерин жүргүзүшкөн. Алар адегенде элди окута башташты араб тилинде намаз окууга үйрөтүшкөн. Көпчүлүк арабча сүйлөй албаган учурлар болгондуктан, тилде жана сөздөрдүн маанисин түшүнбөй, айрымдары каалагандай окушкан. Бул тууралуу акын Тоголок Молдо мындай деп ырлаган:

Минген атты токудук,
Минтип намаз окудук.
Кара-Балта, Сокулук,
Кайрылып намаз окудук

Акындын бул ыр саптарында ислам дининин жайылышы ошол кездеги акын-төкмөлөрдүн чыгармачылыгына да таасирин тийгизгендигин байкоого болот. Тоголок Молдо оозеки чыгармачылыктагы бай материалдардан, элдик жомоктордон көп колдонгон, легендалардын көптөгөн баалуу чыгармаларын жазган. Ошол эле учурда кыргыз тамсил жанрын баштоочулардан болгон. Балдарга арналган бир катар ырларды, поэмаларды жараткан. Акындын «Эшек менен булбул», «Карышкыр менен түлкү», «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы», «Иттин доолдай тиктирем дегени», «Абышка кемпирдин көмөчү»,

«Жети таз менен жеке таз», ж.б. көптөгөн чыгармаларын фольклордук жомоктордун негизинде иштеп чыккан.

Жазгыч акындар кыргыз элинин бай оозеки адабиятына жана өзүлөрүнө чейинки көркөм сөз өнөрүнүн белгилүү өкүлдөрүнүн чыгармаларына таасирленип, таянып анын негизинде жаңы чыгармаларды жаратуу менен бирге эле элдик чыгармаларды дагы кагазга түшүрүшкөн. [2.6].

Тоголок Молдо акын туурасында кыргыз адабиятынын белгилүү жазуучулары Шүкүрбек Бейшеналиев «Болот калем» (1981- 83) романын, «Кайра жаралган өмүр» (1998) драмасын, «Багынбас акын» аттуу пьесасын жана Жалил Садыков «Боз торгой» (1970) аттуу тарыхый-биографиялык драмасын арнашкан.

Кыргыз фольклорунун көрүнүктүү өкүлү Тоголок Молдо "Манас" эпосунун аткаруучусу катары да белгилүү. Андан кийин ал үчилтиктин экинчи бөлүгүн – «Семетейди» жаздырган. Ал кыргыздын «Шырдакбек», «Жаңыл-Мырза», «Мендирман» эпосторунун варианттарынын үлгүлөрүн жазып алган. Ал көп сандаган ар кандай каада-салттарды, уламыштарды, макал-лакаптарды, накыл сөздөрдү чогулткан. Тоголох Молдонун чыгармалары 1925-жылы чыга баштаган. Акындын «Насыят» поэмасынын биринчи басылышы ушул жылы Москвада басылып чыккан.

Тоголок Молдо өмүрүндө көр тирликтин айынан жер кыдырууга да туура келген.

Чүй өрөөнүндө жашап жүрүп, Байымбет кыргыз менен казактын атактуу төкмө акындары менен таанышат. Ал жерден казак адабиятынан сырткары татар, өзбек адабиятынын мыкты өкүлдөрүнүн чыгармаларын көп окуган. Абайдын, Низами, Новои, Фирдоуси, Хафиздин чыгармаларын түп нускада араб тилинде окуган. Татар акыны Абдулла Тукайдын, атактуу татар педагогу Ыбырай Алтынсариндин китептерин да мыкты өздөштүргөн.[5]. Ошол эле жылдары "Манас" айтууга да кызыгып, атактуу манасчы Тыныбектен таалим алат. Бул туурасында өзү мындай деп жазган:

*Он сегиз жашка келгенде,*
*Акын болдум атанып.*
*"Манасты" бүт үйрөндүм,*
*Тыныбектен жат алып.*

Анын калемине негизинен эл, жер, табият, сүйүү, адамдын кулк-мүнөзү тууралуу көптөгөн ырлар таандык. Тоголок Молдо агартуучу катары өз доорунда жашаган кыргыз акындарынын ичинен сабаттуулугу менен айырмаланган. Акындын «Манас» Эпосун жазып жана айта билген өнөрү туурасында адабиятчы-окумуштуулар көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн.

Манасчы – жомокчуларларды жашаган доорлоруна карата шарттуу түрдө болсо да эки чоң топко бөлүп туралы. Биринчисине, ысымдары уламышка айланып калган Токтогул ырчы, андан берки, кадимки эле тарыхый инсандарга айланган Нооруз манасчы, Жайсаң, Балык Кумар уулу, Найманбай, Назар манасчы, Чоюке Өмүр уулу, Тыныбек Жапый уулу кирет. Экинчисине, Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Каралаев, адабиятта Тоголок Молдо деген ысым менен белгилүү болгон Байымбет Абдыракманов, Шапак Рысмендиев, Молдобасан Мусулманкулов, Жаңыбай Кожеков, Акмат Рысмендиев, Ыбрай Абдыракманов, Мамбет Чокморов, Дункана Кочуке уулун кошсо болот. Арийне, булар элдеги көп сандаган манасчылардын айрымдары гана, дегинкиси, манасчыларга кыргыз эли бай дебедикпи… [6.54]

Тоголок Молдо «Манас» эпосун ошол көп сандаган жомокчу – манасчылардан айырмаланып, өзүнүн вариантын («Манас» эпосунун вариантын) кагаз бетине түшүрүп кеткен жалгыз акыныбыз. Кыргыз акыны Тоголок Молдонун таланты, чыгармачылыгы өз заманында көп кырдуу өнүккөн. Аны бир эле мезгилде жомокчу, кошокчу, тамсилчи, балдар акыны, улуттук оозеки чыгармачылыгыбыздын өнүгүшүнө чоң эмгек калтырган инсан деп тартынбай айтууга болот. Ошогого карабастан Байымбеттин талант мүмкүнчүлүгүнүн толук ачылышы анын «Манас», айрыкча, анын экинчи бөлүгү «Семетейди» айтканында экендиги талашсыз.

«Манасчылар» дагы ири айтуучулар, жаратуучулар. Бирок, кыргыздар манасчылардын айтуучулук, аткаруучулук бөтөнчөлүгүнө, кайсы бөлүгүн ( «Манас», «Семетей», «Сейтек» туурасында кеп болууда) же бөлүкчөсүн кандай айтарына, устаты ким болгондугуна б.а. ар бир манасчынын чыгармачылык өнөрканасынын толук чоо-жайына өзгөчө маани берип келишкен[4.237]. Улуу «Манас» эпосубузду илгертеден укумдан-тукумга өтүп келе жаткандыгына карабастан, аны кынаптап айтуу жана элге жеткирүү ар бир акындын жана төкмө өнөрүнүн колунан келе берген эмес.

Сагымбай, Актан, Тоголок Молдо манас айтууну Тыныбектен, Акмат семетейчи Сагымбайдан, Шапак Балыктан, Саякбай Чоюкеден үйрөнөт. Демек, бул инсандар бири-бирине устат жана бири-бирине шакирт болуп чыгармачылыктарына таасир бере алышкан.

Жогорудагы айтылгандардан улум биз Тоголок Молдо акындын башкалардан өзгөчөлөнгөн кандай артыкчылыгы бар деген ой пайда болот. Алгач, Байымбеттин жазгыч акын экендиги. Ошондон

улам манасчылардын ичинде «Манасты» өзү жазып берип жүргөн жалгыз эле ушул Тоголок Молдо болгондугу изилдөөлөрдө да камтылган. Ал эпостон «Баатырдын балалык чагын», «Кичи казат», «Чоң казат», «Манастын ашы» деген бөлүктөрдү, «Семетейди» жана «Сейтекти» бүт бойдон жазып калтырган. Буга чейинки жазган маалыматтарыбызда акын 1936-жылдан баштап илим изилдөө институту менен тыгыз байланышта болуп, Тил жана адабият институтунун фондусуна көптөгөн материалдарды тапшырган. Башкача айтканда, кол жазмаларынын түп нускасы Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондуна өткөрүлгөн.

Түгөл болбосо да биздин доорубузга келип жеткен дастандардын баарысынын аткаруучулары эл ырчылары, кеңирээк алганда эл акындары. XIX кылымда эле акындык кыйла тажрыйбага ээ болгон Тоголок Молдо өзүнүн сабаттуулугунан тек өз репертуарындагы гана эмес, эл оозундагы кыйла дастандарды жазып калтырды. Акын жазылып алынгандарды өз чеберчилигине салып кайрадан иштеп да берди [3.17].

Фольклор изилдөөчүлөрдүн пикирине караганда, Байымбеттин вариантында «окуялар абдан элестүү, адамдын ой-санаасын берүү жагы терең, жаратылышты сүрөттөөдө абдан уста» экендиги дайым айтылып жүрөт. Анын айрым бир манасчылардан айырмаланып, окуяларды жөнү жок узарта бербей, саптары орундуу, маанилүү жана жыйынтыктуу, кыска айтканын да белгилеп өтүү максатка ылайык.

Акындын кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында ырлары, кошоктору, санат-насыят ырларынан сырткары эң негизги жана маанилүү орунда манасчылык өнөрү тургандыгы талашсыз.

Дегеле кыргыз акындар поэзиясында жазгыч акындар кыргыз элинин бай оозеки адабиятына жана өзүлөрүнө чейинки көркөм сөз өнөрүнүн белгилүү өкүлдөрүнүн чыгармаларына таасирленип, таянып анын негизинде жаңы чыгармаларды жаратуу менен бирге эле элдик чыгармаларды дагы кагазга түшүрүшкөн.

Алардын чыгармаларынан оозеки адабияттагы жоктоо, керээз, кошок, балдар ырларынан тартып, санат-насыят, терме, легенда, санжыра, макал-лакаптарга чейин кездештирүүгө болот. Ошондой эле жазгыч акындарыбыздын чыгармачылыгынан адеп-ахлак, жүрүш-туруш эрежелерин сүрөттөгөн оозеки адабиятыбыздагы жакшы аял, жаман эркек, жакшы жигит, жаман кыз жана башкалар тууралындагы салттуу темаларды да жолуктурабыз. Дал ушундай турмуштук үлгүлөрдү даанышмандык менен айтып, жазып кеткен акындарыбыздын бири Тоголок Молдо болуп эсептелет. Акындын ырларындагы кереметтүү акыл-ой мурастарын кездештирүүгө болот. Мисалы акындын «Санат» ырын алып көрөлү:

Үйүңө бекер жатканча,
Үйрөнсөң илим кат жакшы.
Сараңдык кылган бакылдан,
Саакылык кылган март жакшы.
Кесирлүү жаман катындан,
Келте ооруган дарт жакшы.
Биздей көчмөн элетке,
Чарба баккан мал жакшы.
Тамчы тамган боз үйдөн,
Дубалдан соккон там жакшы.
Сараңдык кылган жигиттен,
Сарамжалдуу чал жакшы.
Башыңа келсе жалгыздык,
Жакырчылык кам жакшы.
Пара жеген бийлерден,
Баш билги төө-мал жакшы. [1.361]

Бул акындын ыр саптарынан биз байкаган нерсе, Тоголок Молдо өзү жаштайынан зээндүү, окууга ынтызар бала болгондуктан жана жашоо шарттын оош-кыйышынан улам жер которуп жүргөн шартта да молдолордон билим алуусун токтотпогондугу болуп эсептелет.

*Акындын бул айткан накыл кептери бүгүнкү күндө да турмушубузда өтө маанилүү орунда турат. Себеби, адамдар кандайдыр бир ийгилик жараткан учурда текебер болуп, менменсинүү мүнөзүн кармана баштайт. Көп учурларда биз кылган ишибизге өкүнүү менен карайбыз. Бирок акындын даанышман ойлоруна сарасеп сала турган болсок бардык нерсени акыл жана сабырдуулук жеңе тургандыгына багыттайт.* Ушул ойго удаа эле турмушта мал –жан багып, жашоого тың болуу керектигин, эл-журттун керегине жараган адам болуу абзел экендигин ырастагандай таасир калтырат.

Демек, бийик гумандуу жана тубаса таланттуу акын Тоголок Молдонун ар бир ыры, поэмасы, санат-насыяттары терең мазмунду камтып, улуу-кичүү адамдарга карата насат айтып, үлгүлүү жүрүм-

турумду камтыган ырларды, чыгармаларды окурмандарга сунуш кылгандыгы менен биздин күндө да турмуштук бийик баалуулуктарды чагылдырып турат демекчибиз.

**Адабияттар:**


1. Абдылдаев М. Мурас. Фрунзе «Кыргызстан» 1990-ж
2. Койлубаев К.К. Жазгыч акындардын чыгармачылыгы. Каракол 2010
3. Кудайбергенов К. Эл дастандары жана акын. Ф.: «Мектеп» басмасы 1970
4. Обозканов А. Төкмөлүк өнөрдүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. – Бишкек «Шам» 2006
5. Орунбеков. Тоголок Молдо менен Фетхуллах Гүлен. –Б.; 2021.08.08
6. Турдугулов А. Жазгыч акындардын чыгармачылык кыртышындагы манасчылык өнөр. Эл агартуу 7-8. 2019
7. Үкүбаева Л. Жазгыч акындардын чыгармачылыгы. – Бишкек 1994